# САНАРИП МУГАЛИМ МЕНЕН ААЛАМГА ЖОЛ АЧЫЛАТ

# “САНАРИП ЖАНА МУГАЛИМ!”

# “ЗАМАНБАП МУГАЛИМ”

# “ИЗДЕНҮҮДӨН ИЙГИЛИК ЖАРАЛАТ”

А.ЖАМАНБАЕВ АТЫНДАГЫ
ТОЛУК ЭМЕС ОРТО
МЕКТЕБИ

# ДОКЛАД

Тема: “Санарип мугалим”

Мугалими : Мусапырова Г.

# План

1.Мугалим момолуу дарак
2.Санариптештируу деген эмне:жонокой соз менен.
3. Санариптештирүү ар кайсы чөйрөлөрдө
4. Билим берүүдөгү санариптештирүү

# МУГАЛИМ МӨМӨЛҮҮ ДАРАК»

«Окуу – билим азыгы, билим-ырыс азыгы» дегендей, «А» тамгасын таанытып, окуучуларга билим, таалим-тарбияберип, эрезеге жеткирген – бул мектеп. Ал эми ар бир баланын мүнөзүнө жараша мамиле кылып, баланын жөндөмүнө, шыгына жараша билим берип, турмуш жолуна салган албетте, булл мугалим.
Мугалим... кандай гана ардактуу сөз. Мугалим кылымдардан бери келе жаткан эскирбеген кесип. Анын педагогикалык акыл топтому, алысты көрө билгендиги, изденгичтиги жана жаш баладай жумшак баёо көңүлүн, бүткүл чыгармачылык кудуретин келечек ээлерине терең билим, мыкты тарбия берүүгө жумшагандыгы менен кадырлоого ээ болгон инсан. Баарыбыздын башат-тамырыбыз, асыл ой-тилектерибиз, жетишкен ийгиликтерибиз биринчи кезекте мектеп менен байланыштуу. Элибиздин рухий байлыгы мектеп аркылуу калыпка салынаары белгилүү. Андыктан адамдардын жан-дилин илим-билим үрөөнүн сээп, жаркын максаттарга үндөгөн мугалимге кандай алкыш айтсак да жарашат.
Ар бир замандын өзүнө жараша мугалими болот. Бул сөз асыресе азыркы мезгил үчүн айрыкча мааниге ээ. Анткени бүгүн мектеп да түп тамырынан кайра түзүлүү тагдырына туш келип, заманбап окутуунун методикаларынан артта калбай, өз өнүгүүсүнүн кыйла кыйын кезегин баштан кечирип жаткан кези десек ашык болбос.
Ошондуктан педагогтун азыркы учурда аткарчу милдети бир жагынан өтө ардактуу болсо, экинчи жагынан ошончолук жооптуу. Себеби билим берүү, таалим-тарбия жана агартуу тармагын өркүндөтүү ишинде мугалимге өзгөчө милдет тагылган. Республикада жүрүп жаткан ар кандай реформаларга аралашып, анны алдыга жылдыруучу жаңы күчтөр дал ушул мектептер аркылуу даярдалып, улуттар аралык ынтымакка, адамдар ортосундагы өз ара жылуу мамилеге жана жалпы журт ичиндеги бейпилчиликке бекем данакер.

**Мугалимдер**

Мугалимдер – зирек жашап, ат багат,
Мээ коротуп, мектеп ишин аркалайт.
Мажурум тал шактарындай ийилип,
Мээрим төгүп, окуучусун калкалайт.

Эч кири жок жүрөгүндө, сезимде,
Эл-жерменен жаңы бирге, дилбирге.
Эс-акылга ыйман менен жаңы ой,
Эгип келет көтөрөр деп кезинде.

Өз тагдыры бир жыйынга,
Өзгө тагдыр тынчтык бербейт ыйымга.
Өмүр сүрөт мугалимдер изденип,
Өчпөс жарык чачамбы деп, кылымга.

**Мугалимдер жөнүндө учкай сөздөр:**

Окуучуга мектептеги эң маанилүү кубулуш, эң үлгү болоорлук сабак, эң жандуу мисал бул - мугалим. (А. Дистервег)

Ким эскини алпештеп, жаңыны аңдап-билсе, андай адам, мугалим боло алат. (Конфуций)

Биз кимден билим алсак, алар биздин окутуучубуз атына ээ, бирок үйрөткөндүн бардыгы окутуучу атынын баркына жете бербейт. (И. Гете)

Жакшы мугалим болу үчүн, окуткан сабакты жана окуучуну сүйүү зарыл. (В. Ключевский)

Мектеп мугалимдери, ушундай бийликке ээ болуп, премьер-министрлердин андай бийлик кыялында гана болот. (У. Черчилль)

Мугалим бул – оор нерселерди оңой кылуучу адам. (Р. Эмерсон)

Эгер мугалимде жумушуна гана сүйүүсү болсо, анда ал жакшы мугалим.
Эгер мугалимде окуучуларга, анын атасы жана энесиндей сүйүүсү болсо, анда ал бардык китептерди окуган, бирок жумушуна да, окуучуларга да сүйүүсү жок мугалимден жакшы.
Эгер мугалимде жумушуна да, окуучуларга да сүйүүсү болсо, анда ал – мыкты мугалим. (Л. Толстой)

## Санариптештирүү деген эмне: жөнөкөй сөз менен

*Аныктама.* Санариптештирүү – бул санарип технологияларын жашоонун ар тармактарында киргизүү: өнөр-жай, экономика, билим берүү, маданият, кызмат көрсөтүү, тейлөө, мамлекеттик башкаруу ж. б.

Бул көрүнүш маалымат технологияларынын, микроэлектроника жана коммуникациянын дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүндө тез өнүгүүсү менен түшүндүрүлөт. Санариптештирүү глобалдык процесс болуп, жер планетасын уламдан-улам өзүнө багындырып, мейкиндик артта калууда.


Санариптештирүү процессинин негизин заманбап турмушта көбүн эсе интернет түзүүдө. Глобалдык желеге маалымат берүү түрдүү гаджеттердин киргизүү түзүлүшү менен ишке ашырылат.

## Санариптештирүү ар кайсы чөйрөлөрдө

Санарип технологиялар адамдарды ар тараптан курчап турат: алар ар бир заманбап үйдө, мекемеде, ишканаларда, заводдордо, ооруканаларда, мектептерде, жогорку окуу жайларда бар. Түрдүү технологиялар кошумча жана виртуалдуу реалдуулуктар машиналык үйрөтүүдө, робототехникада, 3D басып чыгарууда, жасалма интеллект ([illegible]), саламаттыкты сактоо, илимий изилдөөлөр, айыл чарба чөйрөлөрүндө колдонулат.

Окумуштуулардын оюу боюнча санарип технологиялар жыл сайын геометриялык прогрессияда өсүүдө жана өсө бермекчи.

Мындай коом жашоосунун өзгөрүүсү санариптештирүү процесси дүйнөнү канчалык деңгээлде өзүнө тартканын түшүнүүгө жардам берет.



Билим берүүдөгү санариптештирүү

Учурда көптөгөн билим берүү мекемелери, окуу процессин тагыраак, ачыгыраак, эффективдүүрөөк кылуу максатында санарип технологияларын колдонууда. Деги эле агартуу тармагындагы санариптештирүү электрондук билим алуу системасына өтүү дегенди билдирет.

Бардык окуу материалдары (жыйнактар, көнүгүүлөр, китептер), ошондой эле журналдар жана күндөлүктөр акырындан онлайн режимине өтүүдө. Көнүп калган дептерлердин ордуна тапшырмалар компьютерлерде жана планшеттерде аткарылууда. Биздин өлкөдө дагы аз-аздан ушундай көрүнүштөр байкалат. Мугалим кесиби алда-канча өзгөрүп, балдар материалдарды өзүлөрү үйрөнүп, аймактарда электрондук мектептердин пайда болуу жагына ооп барууда.

Республикалык_денгээлде мугалимдерге чон аралыктан окутуу ыкмаларын колдонуу, онлайн сабактарды, видео сабактарды, окутуу видео материалдарын даярдоо боюнча, мультимедиялык технологияларды колдонуу, окуучулар жана ата-энелер менен кайтарым байланыш уюштуруу боюнча вебинарларды өткөрүү милдеттендирилди. WhatsApp, ZOOM, Google Classroom, Скайп, Google Hangouts, Google Meet, MOODLE платформаларын колдонуу менен аралыктан окутуу формасында окуу процессин уюштуруу боюнча семинарларды өткөрүү каралган.

-Аларга онлайн жана видео сабактарды даярдоо, видео, мультимедиалык материалдарды колдонуу, окуучулар менен кайтарым байланыштуу уюштуруу үйрөтүл

Адабияттар


1. https://tyup.net/page/sanarip-degen-emne-sanaripteshtiruu-tushunugu
2. https://videouroki.net/razrabotki/sanarip-mughalim.html
3. https://sputnik.kg/society/20200805/1049225856/mugalimder-dayardyk-koro-bashtashty.html